# ЗАЛКАР ИНСАН

## Коомдук ишмер И.Раззаковдун туулган күнүнө 85 жыл

Белгилүү коомдук жана партиялык ишмер Исхак Раззаков 1910-жылы 25-ноябрда Ош областынын Лейлек районундагы Коросон кыштагында туулган.Бала кезинен эле ата-энесинен томолой жетим калганда,туугандары Ходженттеги (азыр Тажикстандын Ленинабад шаары)жетим балдар үйүнө тапшырышат.Жетимчиликтин кыйынчылыгын көп тартса да,зээндүү бала тажик,орус,өзбек балдардын ичинде өзгөчөлөнүп сабакты мыкты окуйт.1925-жылы Ташкент шаарындагы Сталин атындагы педтехникумга келип кирип,окууну артыкчылык диплому менен аяктаган.Активдүү,саясий көз караш жетик жаш адисти мугалимдер жогору баалашып,дароо философия сабагы боюнча мугалимдикке даярдашат.

1931-жылы СССР Мамлекеттик пландоо институтуна тапшырып,1936-жылы бул окуу жайды да артыкчылык диплому менен аяктайт.Окууну аяктары менен институт аны кайра Өзбекстанга мамлекеттик пландоо комитетине жиберет.

Өзбекстанда И.Раззаков эң жоопту участокторго иштеп турган,26 жаш курагында Мампландын экономисти Фергана областтык пландоо бөлүмүнүн төрагасы,Өзбекстан Мампланынын төрагасынын орун басары,кийин төрагасы,Эл агартуу наркому,Өзбек ССРинин Совнаркомунун төрагасы,Өзбекстан КП (б) (БК)нын пропаганда жана агитация боюнча катчысы,Өзбекстан КП (б) БКнын бюро мүчөсү болуп келген.

Анын кызматы,эмгеги жогору бааланып Ленин,Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери менен сыйланган.

Бул И.Раззаковдун Өзбекстандагы өмүрүнүн кыскача гана таржымалы.

Ал эми Кыргызстанга болсо 35 жаш курагында келип, Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы, 45 жашынан 5I жашына чейин Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы болуп иштеди.

И.Р.Раззаков өлкөбүздүн жана республикабыздын коомдук-саясий турмушуна активдүү катышкан. КПССтин XIX, XX, XXI, курултайына делегат, XIX жана XX курултайларында КПСС БКга мүчө, көп жолу СССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Беш жолу Ленин ордени менен сыйланып, жалпы өкмөттүк I9 орден жана медалга татыктуу болгон.

И.Раззаков саясий ишмер болбогондо, балким мыкты адабиятчы же жазуучу болор беле. Өзбекстанда канчалык жооптуу иштерде жүргөнүнө карабастан илимий терминологиялык сөздүктүн үстүнөн иштөөгө катышкан. А.П.Чеховдун, орус адабиятынын классиктеринин Н.К.Крупскаянын китептерин которуп, кийин ардактуу эс алууга чыкканда (I968-жылы) "Капиталды" өзбек тилине которууга көмөктөшкөн.

"Мени анын документтер, материалдар менен доклардын үстүндө иштеши таң калтырчу. Ал дайыма өзү жазчу. Сөзгө чыкканда бирөөлөр жазып бергенге канааттанчу эмес, эреже боюнча өз сөзүн айтчу. Мына ошондон улам анын сөздөрү логика, аргумент, жандуулугу менен айырмаланчу. Элдик юморлорду жакшы билген акылдуу адам эле", -деп жазат академик С.Табышалиев.

I961-жылы Кыргызстан КП БКнын УI пленуму "айыл чарбачылыгын төмөндөтүп жиберген, иш өтүлүндө орчундуу кемчиликтер бар" деген күнөө менен И.Раззаков "башка ишке которулган".

Бирок, БК таланттуу жетекчини эрте "ардактуу эс алууга" чыгаргысы келбесе керек, дароо эле Москвага, Мампланга ишке которулат.

Кийин I979-жылы ошол жерде каза болот.

И.Раззаковдун элине сиңирген эмгеги азыркы жаңы замандын шарапаты менен туура бааланып, замандаштары аны жылуу эскерүүдө.

Төмөндө ал жөнүндөгү адабияттар сунуш кылынат.

РАЗЗАКОВ Исхак Раззакович //Кыргыз Совет Энциклопедиясы.Ф.:I980.Т.5.Б.I09; АКМАТОВ А.Тарыхтан өз ордун табат //Ленинчил жаш.-I990.-30-окт; ВАЙЗАКОВ Т.Интернационалист инсан //Кыргызстан маданияты.-I990.-№44.-Б.I-нояб.-Б.II; БАЗАРБАЕВ Р.Мээнеткечтигине таң кала берчүмүн//Алга (Лейлек).-I990.-I2-июль; ДООРОВ А. Эл эмгегин эскерет//Ленинчил жаш. -I990.-I0-ноябрь.